**Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы**

**Тарых жана маданий мурас институту**

**Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети**

Д.07.11.025 Диссертациялык кеңеши

Кол жазма укугунда

**УДК: 947.1: 947.001 (575.2) (043.3)**

**Тажибаева Сапаргүл Кочкорбаевна**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БАЙЛАНЫШ ТАРМАГЫНЫН ӨНҮГҮҮ ТАРЫХЫ ЖАНА АБАЛЫ

**(“Кыргыз почтасы” МИ жана “Кыргызтелеком” ААК 1991-2010 жж.)**

**Адистиги: 07. 00. 02– Ата Мекен тарыхы**

Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук

даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2012**

**Диссертациялык иш Ош мамлекеттик университетинин Ата Мекен тарыхы кафедрасында аткарылды.**

**Илимий жетекчиси:** Тарых илимдеринин доктору, профессор Абытов Байболот Капарович

**Расмий оппоненттер:** Тарых илимдеринин доктору, профессор Жуманалиев Акылбек Жуманалиевич

Тарых илимдеринин доктору Эсенкулов Нурмамат Жокенович

**Жетектөөчү мекеме:** Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Тарых кафедрасы, дареги: Жалал-Абад шаары, Ленин көчөсү 57.

Диссертациялык иш 2012-жылдын «14» декабрында саат 13-00 дө Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Тарых жана маданий мурас институтунун алдындагы тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын жактоо боюнча түзүлгөн Д. 07.11.025 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот. Дареги: 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265а.

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Борбордук илимий китепканасынан таанышууга болот.

Автореферат 2012-жылдын «14» ноябрында жөнөтүлдү.

Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,
тарых илимдеринин доктору, профессор Батырбаева Ш.Д.

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Теманын актуалдуулугу.** XX кылымдын аягында XXI кылымдын башында СССР жоюлуп, улуттук республикалар эгемендүүлүкө ээ болуп, көз карандысыздыгын жарыялашкан. Саясий, коомдук, социалдык экономикалык маданий турмуштун жаңы тепкичине умтулган эркин республикалардын жалпы турмушуна бир катар өзгөрүлөр киргени талашсыз. Кыргызстан бул окуялардан четте калган эмес. Ошол чоң саясий, социалдык-экономикалык өзгөрүлөр алкагында эгемендүү Кыргызстандын байланыш тармагы да чоң өзгөрүүлөргө дуушар болуп, анын маңызы да кыйла өзгөргөнү кашкайган тарыхый чындык.

Байланышсыз адамзат жашоосун элестетүү кыйын. Байланыш тармагы өзүнүн дооруна жараша өнүгүп келе жатат. Советтик доорго чейин Кыргыздардын атайын чабарман кабарчылары болуп, алар ошол мезгилдин почтасы болгон десек жаңылышпайбыз. Ал эми Советтик доордо ат почталары, машина, авиа почталарына өтүп, акырындык менен өнүккөн. Почта, телеком кызматтары эгемендүүлүккө чейин автоматташкан заманбап байланыш түйүндөрүнө жетише алгандыгы баарыбызга белгилүү.

Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болгондон баштап, алгачкы он жылдын ичинде кыргыз журтчулугуна мурдатан тааныш көндүм болгон “Почта”, “Телеграф” дээрлик толугу менен өзгөрдү. Бул көрүнүш Кыргызстанда эле эмес бүткүл дүйнөнүн калкынын турмуш тиричилигинде, мамлекеттик ишканалардын уюмдардын күндөлүк керектөөсүндө жаңы технологиялардын өнүккөндүгүнүн натыйжасында байланыштын көп түрдүү кызматтары пайда болду. Ал тургай, азыркы шартта жер жерлердин турмушун мобилдик телефонсуз байланышты элестетүү мүмкүн болбой калды. Совет доорунун мезгилинде байланыш каражаттары бир катар ийгиликке жетишкени чындык. Бирок ошондой болсо да, байланыштын заманбап жетишкендиктери катары: мобилдик телефондор, кабелдик, уюлдук байланыштар, спутник, радиорелейлик станциялары, волокно оптикалык линиялары, маалымат берүүнүн сан ариптик системалары, байланыш операторлору ж.б. өнүгө албагандыгын, бардыгы үчүн эле кол жетээрлик деңгээлде болбогондугун белгилей кетүү абзел. Акыркы 15-20 жылдын ичинде телебайланыштын жогоруда аталган кызматтары биздин жашообузга байкалбай кирип, күндөлүк керектөөбүздөн бекем орун ала алды. Учурда калк классикалык маанидеги “Почтанын” “Телеграфтын” кызматын мурдагы сапатта дээрлик колдонбой калды. Байланыштын жаңы технологиялык үлгүсүндөгү уюлдук телефон жана электрондук почтанын жүздөгөн кызматын камтыган дүйнөлүк интернет системасы, почта, телеком кызматтарын акырындык менен сүрүп чыгууда. Бүгүнкү күндө Кыргызстандын айыл-кыштактарында да мобилдик телефон, электрондук почта байланыш кызматы көбүрөөк пайдаланылып, өнөкөткө айланып бара жатат. Бул жаңы заманбап байланыш тармактарынын пайда болуп өнүгүүсүндө “Кыргызтелеком” улуттук оператордун салымы чоң. Себеби: аталган тармактар иш жүргүзүүдө “Кыргызтелеком” ачык

акционердик коому (ААК) менен келишим түзүп, лицензия алып, жеке жоопкерчилиги чектелген ачык коом катары ишмердүүлүктөрүн жүргүзүүдө. “Кыргызтелеком” ААК өнүгүсүндөгү стабилдүүлүгүн сактап, эл аралык, шаарлар аралык жана жергиликтүү байланыштарды уюштурган улуттук оператор, эң ири монополист эсептелинет. Бүгүнкү күндө курамында 584 шаардык жана айылдык станция, 80 радиорелейлик станциясы бар. “Кыргызтелекомдун” кызматы аркылуу абоненттерге IP телефонияны, факсты, интернет түйүндөрүн, видео конференцияларды, телевидениенин (INTELSAT) эл аралык көрсөтүүнү камсыз кылган спутник байланыш системансын жеткирүү негизги милдети жана максаты.

Ал эми Кыргыз мамлекеттинин почта кызматы Дүйнөлүк почта союзунун (БДПС) талаптарына ылайык жаңы деңгээлге көтөрүлүп, системасына активдүү интеграцияланды. Эл аралык бул уюмга мүчө болуу “Кыргыз почтасы” Мамлекеттик ишканасынын (МИ) дагы алга өсүп-өнүгүүсүнө карата кеңири шарттарды түзүп, калкты заман талабына ылайык мыкты тейлөө үчүн чоң мүмкүнчүлүктөрдү жаратты. Бүгүнкү күндө дүйнөлүк практикада почта байланышы: почталык кызматтарды кабыл алган, тандап ылгаган, жүктөгөн, жеткирип тараткан штаттарды, почта ташуу бөлүмдөрүнө кызмат кылган унаа каражаттарын, почта машиналарын, вагондорун, самолётторду, деңиз жана дарыя кемелерин, почта ташылган маршрут, багыт жолдорду ж.б. өз ичине камтыйт. Булардын бардыгы почта кызматы деп аталат. Байланыш технологияларынын өсүп өнгүүсүнө карабай адам баласы качан болбосун почта кызматына муктаж экендиги шексиз. Айрыкча биздин республика бул тармактан али баш тарта элек. Кантсе да “Кыргыз почтасы” МИ, “Кыргызтелеком” ААК ишканалары калкка ар тараптуу, жаңы сапатта кызмат көрсөтүп келе жатышат. Демек, мамлекеттик байланыш тармактары өзүнө өзгөчө мамиле жасоону жана финансылык каражаттарды талап кылат.

1991-2010-жылдардагы “Кыргызтелеком” ААК жана “Кыргыз почтасы” МИнин тарыхын комплекстүү изилдөөнүн зарылдыгы, биринчиден, мамлекеттик стратегиялык маанидеги кызматтын тарыхын бизге чейин эч ким олуттуу иликтөө жүргүзбөгөндүгү менен байланышат. Экинчиден, байланыш тармагына тиешелүү архивдик булактар, көптөгөн маалыматтар, нормативдүү-укуктук актылар аркылуу тармактардын өз ара байланышын ачып, кеңири изилдөөгө, объективдүү баа берүүгө, автордук айрым көз караштарды келечегине сунуш кылууга мезгил келгендиги менен белгиленет.

**Диссертациянын темасынын ири илимий долбоорлор, программалар менен байланышы.** Диссертация ири илимий программалар, проекттер менен байланышы жок, автордун жекече илимий планына байланышкан жана иштин илимий жетекчиси т.и.д., профессор Б.К.Абытовдун кеңеши астында даярдалган өз алдынча изилдөө болду.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.**

Изилдөөнүн негизги максаты – эгемендүү Кыргызстандын почта, телеком байланыш кызматтарынын түрлөрүн, материалдык техникалык

абалын, кыйынчылыктарын, реформалоонун себептерин, натыйжаларын, заман бап маалымат технологияларын колдонуу тажырыйбаларын, өнүгүүсүн, мамлекетте ээлеген кызмат ордун тастыктап, аныктоо аркылуу өлкөбүздүн социалдык, экономикалык абалына баа берүү.

Аталган максатты ишке ашыруу үчүн төмөнкү **милдеттер** коюлду:

- Кыргызстандын почта жана телеком кызматтарынын 1991-2010-ж.ж. аралыгындагы өнүгүү процессин, алардын маани-маңызын азыркы учурдун шарттарына жана талаптарына ылайык комплекстүү иликтөө;
- Кыргыз Республикасынын аймагындагы Совет доорунан мураска калган почта-телеграф байланыш кызматтарынын калыптануусун талдоо;
- Байланыш кызматарынын эмгек процессинин механизациялоодо, автоматташтырууда техниканын жетишкендиктерин пайдалануусуна, жаңы технологияларды колдонуу ыкмаларына, жогорку квалификациялуу кадрлар менен камсыз болуусуна байкоо жүргүзү;
- «Кыргыз почтасы» МИни реформалоонун себептерин, факторлорун, этаптарын, жетишкен ийгиликтерин, көйгөйлөрүн, бүгүнкү күндөгү абалын талдоо;
- Байланыштын жаңы технологиялары – электрондук почта, уюлдук телефон жана башка байланыштын көптөгөн жаңы түрлөрүнүн почта менен телекомго жана калкка тийгизген таасирин аныктоо;
- Аталган тармактардын мамлекетте ээлеген ордун, калкка кызмат өтөдөгү иш-милдеттеринин деңгээлин, экономикалык, каржылык маселелерин реалдуу абалын ачып көрсөтүү; мыйзамдык, нормативдик базасын анализдөө;
- Учурдагы стратегиялык маанидеги улуттук оператор «Кыргызтелеком» ААК жана почтанын кызмат көрсөтүүсүнүн түрлөрүн, натыйжалуулугун, негизги принциптерин, инновациялык ыкмаларды колдонушун, өнүгүү тенденцияларын аныктоо жана автордук практикалык сунуштарды иштеп чыгуу

**Изилдөөнүн хронологиялык чектери.** 1991-2010-жылдарды өз ичинде камтыйт. Бул жылдары Республикабыз өз алдынча мамлекет болуп, эл аралык укуктардын жана мамилелердин субьектисине айланган. Алгачкы 20 жылдын ичинде коомдо көптөгөн өзгөрүүлөр болуп, байланыш тармагында да технологиялык өнүгүү жактан чоң бурулуш болгон.

**Диссертациянын илимий жаңылыгы.**

- Советтик доордон эгемендүү Кыргызстанга мурас катары калтырылган почта-телеграф кызматтарынын калыптануусу, өнүгүүсү, абалы анализденди;
- Байланыш тармактары боюнча жарык көргөн илимий эмгектерге, архивдик, басма сөз, мыйзам булактарындагы маалыматтарга талдоо жүргүзүлүп, илимий көз караштагы анализдик пикир берилди;
- “Кыргыз почтасы” МИнин реформалоонун себептери, натыйжалары аныкталды;

- Улуттук оператор “Кыргызтелеком” ААКнун стратегиялык абалы, өнүгүүсү, иш планына карата түзүлгөн эл аралык долбоорлорунун жыйынтыктары, техникалык базасы такталды;
- 1991-2010-ж.ж. республикабыздын почта жана телеком байланыш кызматтарынын мамлекетте ээлеген оордуна, экономикасына, каржылык маселелерине, өнүгүүнө, иш жүргүзүү процесстерине атайын комплекстүү иликтөө жүргүзүлүп, автордук сунуштар киргизилди.

**Илимий иштин практикалык мааниси.** Өлкөбүздүн атайын мамлекеттик байланыш кызматтарынын тарыхына олуттуу салым кошуп, ролун, ордун аныктагандыгында. Изилдөөнүн жыйынтыктары илимий педагогикалык процесстерде, ошондой эле Кыргызстандын тарыхынын айрым маселелери боюнча курстарда колдонулушу мүмкүн. Диссертациялык иштеги айрым факты, материалдар республикабыздын жаңы энциклопедиялык жана справочник маанисиндеги эмгектерине кириши ыктымал. Бул илимий иш окуу жайлар, маданий-агартуучу мекемелер жана Ата Мекенибиздин тарыхына кызыккан окурмандардын кеңири чөйрөсү үчүн белгилүү деңгээлде кызыгууну жаратат деген ишеничтебиз.

**Коргоого сунушталган диссертациялык иштин негизги жоболору:**

Илимий изилдөөнүн жыйынтыгында коргоого төмөндөгү негизги жоболор сунуш кылынат:

- Кыргызстандын Советтик мезгилиндеги почта-телеграф кызматтарынын калыптанып, өнүгүү абалына талдоо жүргүзүүнүн натыйжасы – Кыргыз ССРнин коомдук-саясий, социалдык-экономикалык жашоосун чагылдырып, тарыхый жыйынтык чыгарууга өбөлгө түзөт;
- Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдары почта-телеграф байланыш кызматтары техникалык, экономикалык кыйынчылыктарга дуушар болуп, чет элдик инвеститциялардын каржылоосунун натыйжасында кризистик абалдан чыккан. Бул мамлекеттин жүргүзгөн саясатына, экономикасына жараша өнүгө турган, өлкөгө көз каранды тармак экендиги аныкталат;
- Кыргыз Республикасынын (КР) «Кыргыз почтасы» МИ жана «Кыргызтелеком» ААК республика ичиндеги жана эл аралык аренадагы байланыш кызматтарын камсыз кылуучу мамлекеттик ишкана болуп эсептелинет. Көрсөткөн кызматтары боюнча фельдъегердик, курьердик мамлекеттик почта, ачык акционердик коом, жоопкерчилиги чектелген акцоинердик коом деп тактап бөлүп изилдөө талап кылынат;
- Өлкөбүздөгү почтамттар, почта түйүндөрүнүн бөлүмдөрү модернизациялоо, механизациялаштыруу, автоматташтыруу этаптарынан өткөн. Бул реформалоо оң натыйжасын берип, кызматкерлердин байланыш кызматтын көрсөтүүдө иш-аракеттерин жеңилдетип, андан ары өнүгүү жолдору аныкталган. Бирок стратегиялык маанидеги ишканага айланып бара жаткандыктан, мыйзамдык базалары, негизги принциптери, орду, ролу такталат;
- «Кыргызтелеком» ААКнун жаңы технологияларынын заманбап жетишкендиктери – электрондук почта, спутниктик маалымат кабар

берүүнүн сан ариптик системасы, кабелдик, уюлдук жана башка байланыш тармактарынын пайда болуусу, өнүгүүсү азыркы абалы терең, ар тараптан иликтенет;

- Диссертациялык иштин натыйжасы, изилдөнүн объектиси болгон «Кыргыз почтасы» МИ жана «Кыргызтелеком» ААК жетекчилери, эмгек жамааты өз тармагынын кеңири түрдө иликтенген тарыхын билүүгө ошондой эле байланыш тармагынын толук тарыхын түзүүгө өбөлгө түзүлөт.

**Диссертанттын өздүк салымы.** Диссертация максаттуу, өз алдынча комплекстүү атайын иликтенген иш болуп саналат. Илимий иликтөөнүн жүрүшүндө түрдүү адабияттардагы жана архивдик, басма сөз, мыйзам булактарындагы маалыматтар чогултулуп, хронологиялык ырааттуулукта ар тараптуу терең талдоо жүргүзүлүп, жыйынтыктар чыгарылып, сунуштар киргизилди.

**Диссертациялык ишти апробациялоо.** Диссертациялык иштин негизги жыйынтыктары Ош мамлекеттик университетинин Ата Мекен тарыхы кафедрасында жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин «Кыргызстандын жаңы жана соңку мезгилдеги тарыхы» кафедрасында ошондой эле И.Раззаков атындагы Кыргыз Мамлекеттик Техникалык университетинин «Философия жана коомдук илимдер» кафедрасынын жыйынында талкууланып, коргоого сунушталган.

**Изилдөөнүн жыйынтыгынын жарыяланышы.** Изилдөөнүн натыйжалары Ата Мекендик жана чет элдик басылмаларда иштин мазмунуна байланыштуу жети макала жарык көргөн.

**Диссертациянын структурасы жана көлөмү**. Диссертациянын көлөмү 161 беттен, кириш сөздөн, үч баптан, корутундудан, практикалык сунуштардан, колдонулган адабияттардын жана булактардын (154) тизмесинен, (6) тиркемеден турат.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Биринчи бап **“Байланыш тармагын изилдөөнүн тарыхнаамасы жана булактаануу базасы”** деп аталып, байланыш тармактары боюнча жарык көргөн эмгектер анализденип, архивдик, басма сөз, мыйзам булактарына талдоо жүргүзүлдү.

1991-жылдан баштап 2010-жылга чейинки Кыргызстандын почта, телеком байланыш кызматтарынын 20 жылдык тарыхына атайын арналган адабият жок. Акыркы жылдары тема айрым авторлордун учкай изилдөөлөрүндө, аз сандагы эмгектерде, статистикалык мүнөздөгү чакан макалаларда чагылдырылган [115, 116, 119, 127, 128, 130] ж.б. Алардын көпчүлүгү публицистикалык, статистикалык, экономикалык өндүрүштүк мүнөзгө ээ. Бул татаал жана көп кырдуу тармакты бирдиктүү, илимий обьект катары комплекстүү иликтөө, алгачкы изилдөө деп айтсак жаңылышпайбыз.

Кыргызстандагы почта, телеком байланыш кызматынын тарыхын изилдөөсү менен башка өлкөлөрдөгү почта, телеком байланыш тармагынын изилдөөсүн салыштырып караганда алардын тарыхы эбак эле ар тараптуу

терең изилденип бүткөн. Мисалы; Россиянын Советтик доордогу почта тарыхын изилдеген окмуштууларды атай турган болсок алар; А.Н. Вигилев [1, 2], И.П. Ключевский [11] В.Г.Скропышева, Е.Л.Карпова [25], М.Н. Шедлинг [28] ж.б. Ал эми акыркы 20 жылдын ичиндеги почта-телеграф тарыхы боюнча төмөнкү окумуштуулардын эмгектери жарык көргөн; М.А.Трифанов [26], А.П.Долгушин [3], Ю.П.Сашенков [23], М.Мельников [15], А.Л.Мясников [16], Саран А. Ю. [20], М.С.Высоков [110], М.В. Ромашов [113], ж.б. Бул окумуштуулардын илимий эмгектеринде Россиянын почта-телеграф байланыштарынын тарыхы ар тараптуу изилденип, бүткөн.

Ал эми Кыргызстандын аймагындагы почта-телеграф байланышынын Совет доорундагы, тактап айтканда XIX кылымдын экинчи жарымынан XX кылымдын 80-жылдарына чейинки тарыхы т.и.к. А. Б. Дүйшөнбаеванын диссертациялык ишинде иликтенген [111]. Мындан сырткары почта тармагы боюнча аз да болсо айрым авторлордун кээ бир эмгектеринде кыска маанидеги маалыматтар да кездешет. Андай билдирүүлөр конкреттүү бир доорго тиешелүү болуп, ошол мезгилдин байланышын чагылдырган. Мындай эмгектерге профессор М.Ө.Кармыштегиндин 2003-жылы Бишкек шаарындагы учкун басмаканасынан жарыкка чыккан Тан (Кытай) тилинен которулган “Кытай императорунун кыргыз кагандарына жазган каттары” аттуу китечесин атоого болот [10]. Бул эмгек Кыргыз мамлекетүүлүгүнүн 2200-жылдыгына арналып, он бир кат которулган. 840-жылы бүткүл Алтай жана Ордо-Балык (Монголия) чөлкөмүн өз ичине алган Улуу Кыргыз кагандыгынын бийлиги курулгандан кийин Кыргыз, Кытай мамлекеттеринин ортосундагы барды, келди алака байланыштары, ээлеген аймагы жөнүндө каттарда так баяндалган. Ошондой эле мамлекеттердин саясий, аскердик дипломатиялык алакаларын чагылдырып, падышачылык мөөр менен тастыкталып жөнөтүлүп турган. Биз бул жерден белгилеп кеткибиз келет – бул каттардан кыйла жеткиликтүү жазуу байланыш иштеринин өнүккөндүгүн байкоого болот. VII-IX к.к. эле байланыш кызматынын бар экендиги, өз мезгилинин талабына жараша болгон десек жаңылышпайбыз. Демек, мамлекет пайда болгондон баштап байланыш кызматты чоң мааниге ээ, эң керектүү тармак.

Эгемендүүлүккө ээ болгондон баштап бир топ материалдар азыркы «Кыргыз почтасы» МИнин жетекчилери тарабынан түрдүү мааракелерге, даталуу күндөргө арналган атайын докладдар, билдирүүлөр ар тараптуу, кыска мааниде чагылдырылган [45, 46]. Жыл сайын 9-октябрь бүткүл дүйнөлүк почта күнү болгондугуна байланыштуу “Кыргыз почтасы” МИнин кызматкерлери да майрамдашат. Бул даталуу күндө кызматкерлердин арасында атайын конкурстар өткөрүлүп, ийгиликтерин баса белгилөө менен ишкана бөлүмдөрүнүн өнүгүүсү, бүгүнкү абалы, келечеги жөнүндө докладар окулуп басма сөз беттерине жарыяланып турат [87, 19, 102,103,104].

“Кыргыз почтасы” МИ эгемендүүлүктүн алгачкы эки жылында СССРден калган эски почта эрежелери менен иш алып барган. Алардын кээ бир жерлерине мыйзамдын негизинде гана өзгөртүү киргизилген. Мисалы:

валюта жаңылангандыгына байланыштуу мамлекет ичинде 1 кат жөнөтүү 3 сом, ал эми башка өлкөлөргө 5 сом болгон. Ал эми Советтик мезгилде баардык өлкөлөргө бир кат жөнөтүү 5 копейка болгон. Ошондой эле аймактык административдик өзгөрүүгө байланыштуу почта эрежелеринин каттамы, иш алып баруусу да өзгөргөн. 1993-жылы Бүткүл дүйнөлүк почта союзуна мүчөлүккө катталгандан баштап бүткүл дүйнөлүк почта союзунун эрежелери менен иштей баштаган. Почта эрежелери тогуз тилде чыккандыктан анын орус тилдүү эрежелерин колдонуп жүргөн. Мамлекет болгондон кийин баардык иш кагаздары кыргыз тилинде болуусу зарыл деген буйруктун натыйжасында Кыргыз Республикасынын Транспорт жана байланыш министрлигинин 1996-жылы 19-мартагы №26 «Жаңы почта эрежелерин бекитүү жөнүндөгү» буйругунун негизинде почта байланыш ишканаларынын өкүлдөрү тарабынан редакциялык комиссия түзүлгөн [46]. Алар: Л.А. Куркина, А.Г. Корытов, А.П. Новочихин, В.М. Огурцова, Н.И. Куликова, А.С. Салиева, Л.А. Гуртякова, С. Турдушев, Т. Бараканов, Т.И. Жеребцова. Редактору: М.Төлөмүшев болгон. Булар почта эрежелерин орус тилинде жазгандыктан мамлекеттик тилде болуусу үчүн жооптуу редакторлук «Кыргызпочтасы» Мамлекеттик ишканасынын директору А.Д.Доорановго жүктөлүп, А.С. Салиева, А.З. Жапаров, А.К. Саадакбаева, А.Колпаев тарабынан кыргызчага которулуп 1998-жылы басмадан чыккан [18]. Бул китеп 10 бөлүм, 54 баптан түзүлүп почта эрежелери боюнча жазылган. Бүгүнкү күндө почта байланыш тармагынын кызматкерлери өзүнүн ишин жүзгүзүүдө негизги курал катары пайдаланышат.

Кыргыз Республикасынын жергиликтүү калкын жана эл аралык мамлекеттер менен болгон байланышын камсыздаган "Кыргызтелеком" ААКнун технологиялык түзүлүшүн, өнүгүшүн, иштөө маселелерин чагылдырган чакан эмгектер кеңири. Бул багытта 1995-1999-жылдары "Кыргызтелеком" ААКда жетекчи болуп эмгектенген С.А.Алымкуловдун докладдары жарык көргөн [115, 116, 117, 118]. 1999-2002-ж.ж. 2005-2010-ж.ж. аралыгында "Кыргызтелеком" ААКда жетекчи болуп эмгектенген М. М. Мамбеталиевдин макалалары жарыяланган [130, 131]. 2005-жылы техника илимдеринин кандидаттык окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган М. О. Оконовдун диссертациясын атоого болот [112]. Мында Кыргызстандын бийик тоолуу аймактардагы цифралык Радиорелейлик (РР) линиялардын туруктуу иштөө интервалы, сигнал берүүсү ж.б. анализдеген.

2001-жылдын 6-11-июлунда КРдин Билим Берүү Министрлиги, Транспорт жана Коммуникация Министрлиги, «Кыргызтелеком» ААК, Мамлекеттик Байланыш Агентствосу, Улуттук Илимдер Академиясы ж.б. катышкан байланыш тармактарына арналган конференция И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети (КМТУ) тарабынан өткөрүлгөн. Конференцияда бир канча технологиялык илимдерин чагылдырган илимий докладдар окулуп жыйынтыгында макалалар жыйнагы чыгарылган.[122]. Ал эми 2008-жылдын 11-14-сентябрыда И. Раззаков атындагы КМТУда "телекоммуникациялык жана информациялык

системалардын эл аралык конференциясы” болгон. Конференция телекөрсөтүүнүн 60 жылдыгына, телерадионун 50 жылдыгына арналып, башка байланыш тармактарына аз да болсо көңүл бурулуп, түзүлүүсү, өнүгүүсү, техникалык апаратураларынын иштөөсү боюнча докладдар окулуп, жыйынтыгында макалалар жыйнагы жарыкка чыккан. Мында технологиялык иштөөсү менен бирге тарыхына байланышкан тарыхнаамасына өбөлгө түзгөн авторлордун макалалары да кездешет; М. М. Мамбеталиев, М. О. Оконов, Н. Д. Дюшенбаев, А. К.Капашов[140, 141, 142] ж.б. Мына ушул сыяктуу эл аралык конференциялар И.Раззаков атындагы КМТУ, Транспорт жана Коммуникация министрлигинин жана курамындагы Акционердик коомдор, жалпы маалымат технологиялык байланыш жаатындагы тармактар тарабынан дааталуу күндөргө арналып өткөрүлүп турат. Ал эми факультеттер аралык конференциялар И.Раззаков атындагы КМТУда тынымсыз өткөрүлүп, жыйынтыктары өзүнчө жыйнак чыгарылып турат.

Өлкөбүздөгү бул тармак тууралуу мамлекетибиздин жетекчилеринин расмий билдирүүлөр да кездешет. 1997-жылы А.Акаевдин “Кыргызстан выбирает информационное общество” аттуу доклады Швейцариянын Давос шаарыда Бүткүл Дүйнөлүк эл аралык конференцияда окулуп, «Всемирный экономический форум» журналына жарыяланган [114]. Мында «Кыргызтелеком» ААК менен Транс-Азия-Европа (ТАЕ) ортосунда түзүлгөн биринчи телекоммуникациялык долбоордун жыйынтыгы айтылган.

Жогоруда аталган эмгектердеги билдирүүлөр, биздин изилдөөбүздүн тикеден-тике максатына жооп бере албайт. Ошентсе да алардагы айрым маалыматтар биз изилдөөгө алган обьект менен тике же кыйыр түрдө байланышып, илимий ишибизде баалуу Совет, сунуштарды, кызыктуу маалыматтарды алдык. Кээ бир маалыматтар архивдик маалыматтар менен дал келгендигине байланыштуу диссертацияны жазууда колдонулуп, шилтемелер берилди [130, 131, 133, 134, 135]. Эгемендүү Кыргызстандын почта, телеком байланыш кызматы түрдүү макалаларда кыска мааниде чагылдырылып келгени болбосо, максатуу атайын изилдөөгө алынган эмес.

Иликтөө жүргүзүп, диссертация жазууда Борбордук Азиянын тарыхын изилдеген илимпоз академик В.В. Бартольддун: “Тарыхчынын милдети – эмне болушу мүмкүн же болбошу мүмкүн экенин иликтеш эмес, эмне болгондугун тастыктоо болуп саналат” деген пикирин эске салганыбыз оң. Төмөндөгүдөй булактардагы маалыматтарды чогултуп изилдөөдө биз бул пикирге таяндык десек жаңылышпайбыз.

Кыргызстандын Советтик мезгилдеги почта-телеграф байланыш кызматына тиешелүү баардык документтер КРдин Мамлекттик Борбордук архивинин 56, 61, 437, 439, 442, 454, 2023 фондорунда сакталган материалдардын негизинде 1878-жылы Пишпекте курулган алгачкы почта-телеграф конторасынын түптөлүсүнөн баштап 1990-жылдын аягына чейинки ишмердүүлүгүнө тиешелүү маалыматтарды таптык. 1991-2000-жылдардагы почта, телеком байланыш кызматтарынын иш жүргүзүү документтери КРдин Транспорт жана Коммуникация Министрлигинин учурдагы архивинин 442

фонддунда сакталган. Мындан сырткары экономикалык, технологиялык, статистикалык ж. б. мүнөздөгү макалалар да каралып кыйыр түрдө байланышкан маалыматтарды тактоодо салыштырмалуулук, анализдөөчүлүк, хронологиялык ирееттүүлүк, тарыхый таанып билүүчүлүк, принциптүүлүк методдору колдонулду. Ал эми 2000-2010-жылдардагы байланыш кызматтарынын иш пландары, отчеттору, протоколдору, тиешелүү иш кагаздары, справкалар, буйруктар ж.б. маалыматтары "Кыргыз почтасы" МИнин жана "Кыргызтелеком" ААКнун учурдагы архивинде сакталган. Ошондой эле гезиттер: Ак Кептер 2005-ж., № 1, 3, 2006-ж., №1,3, 5, 2007-ж., №3, 6, 2008-ж., №5, Вечерный Бишкек, 1998-ж., Кыргыз Туусу, 2000-ж.,2008-ж., Слово Кыргызстана 2002-ж., 2007-ж., 2009-ж., Эркин Тоо, 2001-ж., 2004-ж., 2006-ж., 2007-ж., 2008-ж., ж.б. басма сөз беттерине жарыяланган маалыматтар колдонулду. Мындан сырткары КРдин почта, телеком байланыш тармактары жөнүндө кабыл алынган мыйзамдары каралып, анализ жүргүзүлүп, жыйынтыктары иликтенди. Алгачкы мыйзам 1993-жылы кабыл алынган. Бир нече жолу толуктоолор киргизилген: 1998-ж. 6-мартта №1008-1 КРдин Жогорку Кеңешинин (ЖК) Мыйзам чыгаруу жыйыны жана төрагасы У.Мукамбаев тарабынан, 2001-ж. 19-октябрда З №487-II, 2003-ж. 19-майда З N 1163-II ЖКнин Мыйзам чыгаруу жыйыны жана төрагасы А.Эркебаев тарабынан, 2005-ж. 4-июлда №89 ЖК жана төрагасы Ө.Текебаев тарабынан, 2007-ж. 12-сентябрда №416 ЖК жана төрагасы М.Султанов тарабынан, 2008-ж. 15-февралда №181-IV ЖК төрагасы А. Мадумаров тарабынан "Электр жана почта байланышы жөнүндө" КРдин Мыйзамына өзгөртүү жана толуктоо киргизилсин деген токтомдорунун негизинде өзгөртүлгөн. Байланыш тармактарыны мыйзамынын негизги өзөгү 8 бөлүм, 42 макаладан турган. Толуктоолор киргизилип олтуруп бүгүнкү күндө иштелип жаткан 9 бөлүмдөн турган байланыш мыйзамында «Кыргыз почтасы» МИ, "Кыргызтелеком" ААКнун укуктары, милдеттери аныкталган.

Жогорудагы аталган булактардагы маалыматтар изилдөөнүн обьективдүү тарыхый маанисин ачык көрсөтүп, хронологиялык ыраатуулукта аныктоого мүмкүнчүлүк берди. Пайдаланган архивдик, басма сөз, мыйзам булактарындагы материалдар алгачкы жолу илимий иш үчүн колдонулду. Биздин пикирибизче бул диссертациялык иш өлкөбүздөгү байланыш түрлөрүнүн оош-кыйыштарын түзөтүүгө өз салымын кошо алат.

Экинчи бап **"Кыргызстандын почта байланышынын калыптануу тарыхы жана абалы"** деп аталып, Кыргызстандын Советтик мезгилдеги почта-телеграф кызматтарынын жана Эгемендүүлүк жылдардагы «Кыргыз почтасы» МИнин өнүгүүсү абалы изилдөөгө алынды.

Совет доорунун башталышына чейин 1878-жылы Пишпекте биринчи почта-телеграф конторасы ачылып, ал борбордук байланыш конторасы болгон. Ал эми 1927-жылы Ошто почта-телеграф конторасы ачылган. Демек Совет доорунун алгачкы жылдарында Кыргызстандын аймагында эки ири почта-телеграф конторасы иштеген. Бул тармак жаңы түзүлүштүн алгачкы жылдарында акырындап өнүккөн.

1920-жылы 5-июлда №25 Түркстан АССРнин почта–телеграф Эл Комиссарлар Советинин (ЭКС) “почта-телеграфтын баардык жумушчулары байланыш тармагын калыбына келтирүү иштерине тартылсын” деген буйрук чыгарган. Бул Түркстан АССРнин өкмөтүнүн, Действия и распоряжения Түркстанского правительства, Декреты и приказы” деп аталган атайын чыгарылышынын “Почта жана телеграф” бөлүмүндө басылып чыккан. Натыйжада Верный-Жаркент, Пишпек-Пржевальск, Рыбачье-Нарын шаарларынын ортосундагы телеграф байланыштары калыбына келтирилген. “Сыр-Дарыя жана Жети-Суу” облустарындагы почта станцияларындагы тартиптер, эрежелер, тракт участкаларын бөлүштүрүү, аттар жол начар мезгилдерде саатына 1 верст (1 верст 1,07 кмге барабар), калган мезгилдерде 6 верст жолдо жүрүүсү каралып, борбор менен чет жакадагы аймактардын өз ара үзгүлтүксүз байланышын камсыздаган. 1922-жылы Түркстан АССРинин курамындагы Кыргызстанда эл аралык аба менен почта ташуу башталган.

1926-жылы 1-февралда Кыргыз АССРи түзүлүп, 1927-жылы 1-мартта Бүткүл орусиялык Борбордук Аткаруу Комитети (ББАК) “Кыргыз АССРинин мамлекеттик түзүлүшү жөнүндө жобону” бекиткен. Бирок, Кара Кыргыз автономиялуу облусунда да, Кыргыз АССРинде да почта-телеграф байланыш тармагына атайын башкаруу бийлиги каралбаган. Мурдагыдай эле Түркстан АССРинин почта-телеграф эл комиссарлар советинин курамында калган. Кийинчерээк 1930-жылы октябрда РСФСРдин ББАКнин почта-телеграф ЭКС чечимине ылайык Кыргыз АССРинин ЭКСнын алдында байланыш башкармалыгы түзүлүп, жетекчи катары К. М. Макаров дайындалган. 1932-жылы почта-телеграф элдик комиссариаты СССРдин байланыш комиссариаты болуп кайра түзүлгөн. 1936-жылы 23-майда “почта байланыштарын жакшыртуу жөнүндөгү” СССРдин байланыш комиссариатынын токтому бардык республикалар анын ичинде Кыргызстан үчүн да почта-телеграф кызматтарын андан ары өнүктүрүү максатында айыл жерлеринде 10000 жаңы почта бөлүмдөрү уюштурулуп, штаттында үч кызматкер: башчы, анын орун басары, кароолчусу болгон. Мындан тышкары, почта кызматкерлеринин штаттык эмгек ордун 18466 адамга, эксплуатациялык чыгымдарды 40 млн сомго көбөйтүү тапшырылган. Натыйжада 1937-жылга чейин Кыргызстандын аймагында 73 байланыш ишканалары ачылган. Бирок алардын бардыгы почта кызматтарынын талаптарына жооп бере алган эмес. 1939-жылы Кыргыз ССРнин Борбордук Аткаруу Комитетинин (БАК) алдында почта техникаларынын лабораториясы түзүлүп, башкы милдети почтанын эски техникалык системаларын өркүндөтүү үчүн жаңыларын иштеп чыгуу болгон.

Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында Кыргызстандын аймагында төрт жүзгө жакын почта мекемелери иштеп алардын басымдуу көпчүлүгү айыл жерлеринде жайгашкан. 1941-жылдын 19-ноябрында Фрунзе почта-телеграф конторасынын кызматкерлери “байланыш иштерин жакшыртуу жөнүндө кайрылуу” менен чыгышкан. Бул демилгени республиканын бүткүл байланышчылары колдоп, кесиптик милдеттерин так аткарууга умтулушкан.

Согуштун алдында айыл өкмөттөрүнүн 41,7% телефондоштурулган болсо, согуштун аякташына алардын саны 49,8%ке өскөн. 1932-жылы 1000 гана телефон аппараты болсо, 1945-жылга карата 63 телефон станциясында 3800 телефон аппараты болгон. Кызматтык милдеттерин үлгүлүү аткаргандыгы үчүн Кыргызстандын 37 байланыш кызматкери Советтер Союзунун орден медалдары менен сыйланган. 1946-жылы СССРдин байланыш эл комиссариаты, байланыш министрлиги болуп кайра түзүлгөн. Бул жылы республикабызда эң биринчи узундугу 250 км. болгон Фрунзе-Жалал-Абад радиорелейлик линия тартылып, ретрансляторлор тоо чокуларына орнотулуп, өлкөнүн кырктан ашык шаарлары менен эл аралык байланыш ишке киргизилген. 1961-жылы Фрунзе почтампынан бүгүнкү күндөгү темир жол жанындагы почтамп өзүнчө бөлүнүп чыгып, республикадагы биринчи өз алдынча почтамп болгон. 1970-жылдын 30-июнундагы Кыргыз ССРинин байланыш министрлигинин №130 буйругунун натыйжасында Фрунзедеги почта-телеграф конторасы, эл аралык телефон станциясы болуп бөлүнүп, өз алдынча станциялар катары кайрадан уюштурулган. 1980-жылы темир жол жанындагы почтампга реконструкция жүргүзүп, өндүрүштүк аянтты эки эсеге көбөйтүлгөн жана штаттык кызматкерлердин саны 650 адамга жеткен. Республиканын байланыш системасындагы эң ири адистешкен механизациялаштырылган ишканага айланган. Каттарды, жөнөтмөлөрдү сорттоочу, почтаны автоунаа, авиа менен ташуучу, басма сөздү таркаттуучу участоктор түзүлгөн. Жылына орто эсепте 98 млн кат, 7 млн жөнөтмө, 66 миң бандероль, 300 млн экземпляр газета, журналдар таркатылып турган.

XX кылымдын аяк ченинде коомдук саясий, социалдык-экономикалык турмушта көп өзгөрүүлөр болгон. 1980-жылдары ар бир майрам сайын суркасына 15 тоннага чейин кат-кабарларды иштеп чыгууга туура келсе, 1990-жылдардын ортосунда бул көлөм бир кыйлага азайып кеткен. Бирок, мындай тенденция бизде эле эмес дүйнөнүн көп мамлекеттеринде болгон. Албетте ушунун баары электрондук почта аркылуу маалымат алмашуу башталганына байланыштуу почта байланыш тармагына терс таасирин тийгизген. Маалымат алмашуу системасынын өсүсүнө карабай, каттар дале болсо уникалдуу ордун сактап калган. Себеби; жазуу жүзүндө берилүүчү оргинал документер электрондук байланышка салыштырмалуу бир топ ишенимдүү. Бул жалпыга маалым факт.

1992-жылы Кыргызстанда рыноктук мамилелер ыкчамдык менен өнүгүп, мурда иштелген программаларга олуттуу өзгөртүүлөр киргизилген. 1993-жылы “Кыргыз почтасы” МИ 1874-жылы түзүлгөн Бүткүл дүйнөлүк почта союзуна мүчөлүккө кабыл алынган. Эл аралык бул уюмга мүчө болуу жергиликтүү байланышчыларга, тармактагы прогрессивдүү өзгөрүүлөрдү жүргүзүүгө кеңири жол ачып берген. Мүчөлүк ошол эле учурда дүйнөлүк коомчулуктун эрежелерин так сактоого милдеттендирип турат.

1994-жылыдын 14-февралында «байланыш тармагын башкаруу структурасын жакшыртуу жөнүндө» КРдин өкмөтүнүн №64 токтому чыккан. Токтомго ылайык бул секторду андан ары өнүктүрүп, сапатын жогорулатуу

үчүн байланыш министрлигинин курамындагы почта «Кыргыз почтасы» мамлекеттик департаменти (МД) деп өзгөртүлгөн. Ушул эле 1994-жылы БДПСнун 21-конгресси Түштүк Кореянын Сеул шаарында өткөрүлүп, Кыргызстандан байланыш министринин биринчи орун басары А. Тагаев катышкан. БДПСнун конгресси тогуз тилде өткөрүлөт. Алар француз, англис, немец, испан, португал, корец, кытай, орус, араб тилдердери. Почтанын негизги тили болуп француз тили эсептелет. Ар беш жыл ичинде бир конгресс өткөрүлүп, 191 өлкө бир эреже менен иштейт. Ал эми тейлөө кызматынын акысы ар бир өлкөнүн экономикасынын абалына жараша тейленип, БДПС тарабынан колдоо көрсөтүлөт. Тарифтик-квалификациялык справочникке ылайык почточулар 3 кесиптик даражага ээ болушат. I жана II даражадагы почточулар пенсияларды жана баалуу корреспонденцияларды, буйрутма каттарды, бандеролдорду жеткирип беришет. III даражадагыларга кесипти жаңы өздөштүрүп жатышкан кызматкерлер кирет. Почточулар күндөлүк иштөө нормасы саатына 5 км аралыкты тейлөө жана жылына бир жолу почта эрежелери боюнча экзамен тапшырып турушат. 1988-жылы Лондондон чыгуучу “Санди таймс” гезитине психологдордун “кесиби боюнча стресске кабылып калуу” изилдөөлөрүнүн натыйжалары жарыяланган. Анда иш маалында стресс абалына түшүп калуучу кесиптердин алдынкы катарында почточулар, өрт өчүрүүчүлөр, мугалимдер жана автобустун айдоочулары менен бир катарда турары белгиленген. Мисалы почточулардын эмгегин алып карай турган болсок; Шаардын почточулары 1997-жылы эле 1 млн. 300 миң кат, жөнөтмө жана которулган акчаны алуу жөнүндөгү 60 миң билдирүүнү, 2 млн. 800 миң мезгилдүү басылмаларды, 164 миң телеграммаларды жеткирип беришкен. Ай сайын пенсионерлерге 90 миң пенсия жана жөлөк пулдарды таркатышат.

Эгемендүүлүктүн биринчи он жылдыгында почталык кат-кабарларды жиберүү 10 эсеге, келүүчү кат-кабарлардын саны 23 эсеге кыскарып, посылкаларды жиберүү дээрлик 100 эсеге төмөндөп, почтанын потенциялы олуттуу түрдө начарлаган. Мындай шартта «биздин өлкөнүн почта кызматы өзүн-өзү актай алабы?» деген суроо туулат. Почта кызматты 1995-2002 жылдар аралыгында өзүн-өзү актай албай калган. Мисалы: «Кыргыз почтасы» МДнин 1990-жылдагы кирешеси 32 млн сом болуп, чыгашасы 27 млн сом болгон. Ал эми 1995-жылдагы кирешеси 50млн сом болсо, чыгашалары 53 млн сомго чыгып кеткен. Ошондой эле 2000-жылы кирешеси 68млн сомду түзсө чыгашасы 73млн сомду түзгөн. Мындай кризистик абалы өлкөнүн саясий башкаруусуна, социалдык катмарына, экономикасына байланышкан. Себеби: 1996-жылга карата пенсионерлерге болгон жалпы карыздын суммасы 260 млн сомду түзүп, почта кызматынын иши солгундай түшкөн. Мындан тышкары республиканын 14 районунда пенсиялар менен жөлөк пулдар жергиликтүү социалдык фонд аркылуу таратылып, эксперимент жүргүзүлгөн. Натыйжада почта кызматынын комиссиялык акчасынын көлөмү 4 пайыздан 9 пайызга чейин төмөндөп, райондордо киргизилген жаңы усул өзүн актабай, абалды ого бетер оорлоткон.

Республика боюнча пенсияларды, жөлөк пулдарды таратуу чоң социалдык проблемага айланып, почтанын ишине терс таасирин тийгизген. 2001-жылы кайра почтага кайтарылып берилип, эксперимент ийгиликсиз аяктаган. Дагы бир эске алуучу жагдай: Кыргызстандын почта ишканалары тейлеген калктын негизги бөлүгүн аз камсыз болгон адамдар түзүшөт. Ошондон улам почта кызматы өзүнүн тейлөөлөрү үчүн тарифтерди жогору көтөрүшпөйт, бул факт. Мисалы башка өлкөлөргө салыштырып карай турган болсок; Кыргызстанда 20 грамдык кат жөнөтмөсү 5 сомду түзөт. Ал эми Россияда мындай кат 11 рублей, Казакстанда 8 теңге, Туркияда 21 лира турат.

1999-жылы август айында БДПСнун 22-конгресси Кытай Элдик Республикасынын Пекин шаарында өтүп, Кыргызстандан байланыш министринин орун басары В. Г. Давыдова жана почта тармагынын эл аралык байланыштар бөлүмүнүн башчысы Д. Р. Орозбекова катышкан. Конгрессте мурдагы советтер союзунун бардык өлкөлөрү жана Туркия, Швеция мамлекеттери менен кызматташууну ишке ашыруу үчүн Кыргызстанга 50 миң швециялык франк өлчөмүндөгү грант бөлүнгөн. Ал эми 2001-жылы июлда Кыргызстанга атайын чакыруу менен БДПСнун генеральдык директору Томас Ливи келген. КРдин президенти, премьер-министри жана байланышчылар менен жолугушуу өткөрүп, почтаны реформалоо боюнча план түзүлгөн. Мында 2001-ж. 22-майда З №355-II КРдин ЖКнин Мыйзам чыгаруу жыйыны тарабынан “Почта байланышы жөнүндө” деген токтомдун негизинде почта кызматына атайын мыйзам кабыл алынган. Почта байланыш тармактарынын бухгалтердик эсеби автоматташтырылган. Шаардык жана облустук почта бөлүмдөрүнүн иш жүргүзүүсү компьютерлештирилген. Натыйжада тейлөө кызматынын иши жеңилдеген. Ошондой эле 2003-жылдын 16-майында З №1152-II КРдин ЖКнин Мыйзам чыгаруу жыйыны тарабынан “Мамлекеттик почта байланышынын абалы жана өнүгүүсүнүн перспективалары” деген токтомдун негизинде почта байланышына өзгөртүү киргизилген. Бул өлкөбүздүн почта байланышын реформалоо боюнча алдыга шилтелген ири кадам болгон. “Кыргыз почтасы” МДти МИ деп өзгөртүлүп, почтаны реформалоо төмөндөгүдөй үч этапта өткөн; Биринчи этабында 2003-жылдын аягына чейин МИге караштуу тутумдарды анын филиалдары катары кайра түзүү белгиленген. Экинчи этапта, 2004-жылдын 23-июнунда З №1673-II КРдин ЖКнин Мыйзам чыгаруу жыйыны “Почта-аманаттык системасы жөнүндө” деген токтомунун негизинде банктык сактык-аманат касса ишмердүүлүгү почта тармагында жүргүзүүгө уруксат берилген. Интеграцияланган кызматтардын комплексин сунуштоо менен төлөмдөрдүн түрлөрү аныкталып, шериктештик кызматы ишке ашырылган. Коммерциялык жана коммерциялык эмес кызматтарынын кеңири эркин пайдалануусуна шарт түзүлгөн. Үчүнчү этапта 2005-жылы “Кыргыз почтасы” МИнин өз алдынчылыгын күчөтүү үчүн тейлөө кызматынын чөйрөсүн кеңейтип, деңгээлин жогорулатуу пландалган. Бул этаптар ийгиликтүү аяктаган.

2004-жылы БДПСнун 23-конгресси Бухаресте болуп, Кыргызстандан С.Ж.Жумагулов, В.М.Огруцова, Д.Р.Орозбекова катышкан. Мындай бүткүл дүйнөлүк регионалдык почта байланышынын администрациялары менен кызматташуу алдыга коюлган максаттарга жетишүүгө өбөлгө болгон.Ушул 2004-жылга карата "Кыргызпочтасы" МИ өзүнүн кирешелери менен чыгашаларын актап, кирешелүү тармакка айланган. Ал эми 2008-жылдын 23-июлунан 12-августка чейин Швейцариянын Женева шаарында БДПСнун 24-конгресси болгон. Конгресске Кыргызстандан Н.Ч. Сулайманов, А.Д. Дооранов, И.З. Рысалиев, Н.Ж. Мавлянов, Д.Р. Орозбекова, Э.К.Давлетов, М.К.Джумалиев катышкан. Бул конгресстин натыйжасында Россиянын Мигом банкы менен акча которууларга келишим түзүлгөн. Ошондой эле Вестерн-Юнон, Юнистрим, Азия банк ж.б. банктар менен алакалашуу келишимдери түзүлүп, интернет системасы аркылуу on-line технологиясын колдонуу менен кызматташуу ишке ашырылган. Ал эми 2009-2010-жылдарда “Кыргыз почтасы” МИ өзүн-өзү камсыздаган тармакка айланган. Почта кызматтарынын ичинен экспресс почта кызматы өзгөчө өнүгүп, мурдагыдан 2 эсе өскөн. Бирок, тилекке каршы “Кыргыз почтасы” МИ байланыш кызматын көрсөтүүдө лидер болуп, монополист боло алган жок. Анткени экономикалык рыноктук мамилелердин шарттында коммерциялык жеке менчик ишканалар пайда болгон. Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдары, жаңы шарттарга ылайык бир катар уюштуруу иштери жүргүзүлгөн. «Кыргыз почтасы» МИнин кызматынын жаңы милдеттери такталып, өнүктүрүү жолдору аныкталган. Почта байланыш тармагы башкарууну мезгил талабына жараша өзгөрүп, өнүгүүсүн артырууга аракет жасаган. Натыйжада ишмердүүлүгү артып бүгүнкү күндө калка өзүнүн кызматтын тартуулоодо.

Үчүнчү бап **“Кыргызтелеком ААКнун өнүгүүсү жана стратегиялык абалы”** деп аталып, КРдин улуттук оператору “Кыргызтелеком” ААКнун өнүгүүсү, стратегиялык абалы изилдөөгө алынды.

Кыргызстандын эгемендүүлүккө ээ болгон жылдардан баштап өлкөбүздүн саясий, социалдык-экономикалык турмушунда мурда болуп көрбөгөн көп жаңылыктар жаралган. Биздин күндөлүк турмушубузда түшүбүзгө да кирбеген, иш жүзүндө колубуз жетпей жүргөн буюмдар, тейлөө системасы пайда болду. Буга биринчи кезекте телекоммуникациялык системасынын кызматтарынын чөйрөсү кирет. 1991-жылдары өлкөбүздөгү телеком байланыш системасы аналогдук, декадалык эски типтеги координаттык телефон станцияларынан жана радиорелейлик жабдуулардан турган. 1993-жылдагы Эл аралык линиялык байланыш каналдардын иштебей туруп калуусу 1992-жылга салыштырганда республика боюнча эки эсе көбөйүп кеткен. Себеби дүйнөнүн өнүккөн мамлекеттеринде айрыкча Европада, технологиянын жаңы жетишкендиктеринин натыйжасында Кыргызстандагы аналогдук жабдуулар эл аралык стандарттарга дал келбей, эч жерде чыгарылбай калган. Ошондуктан телеком байланышын тез темп менен өнүктүрүү маселеси келип чыккан. Бул маселени чечүү үчүн 1994-жылыдын 14-февралында «байланыш тармагын башкаруу структурасын

жакшыртуу жөнүндө» №64 КРдин өкмөтүнүн токтому чыккан. Токтомдо байланыш кызматтынын сапатын жогорулатуу максатында, рыноктук экономикада бул секторду андан ары өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүп, мамлекеттик башкаруу органы катары байланыш министрлигин сактап калуу каралган. Натыйжада байланыш министрлиги сакталып,курамындагы Электр байланышынын мамлекеттик ишканасы (ЭБМИ) почта ж.б. байланыш тармактары кирген. Бул аталган ишканалардын иштеп тапкан кирешелерин бөлүштүрүүнүн эсебинен айкалышкан финансылоо түзүлгөн. 1994-жылдын аягында Байланыш тармагын өнүктүрүү максатында ЭБМИнин кызматкерлери тарабынан биринчи телекоммуникациялык долбоор иштелип чыгып, КРдин Өкмөтүнүн жана Президентинин кароосуна сунуш кылынган. Ал колдоого алынып, бирок ишке ашыруу үчүн өнүккөн мамлекеттерден кредит алуу керек болгон. Ошол мезгилде кредит алуу дүйнөлүк экономика институттарынын талабына карама-каршы келген. Долбоорду ишке ашыруу үчүн өздөрүнүн иштеп тапкан кирешелери жетпегендиктен кредит алууга аргасыз болуп, 1995-жылы Европалык Реконструкциялоо жана Өнүктүрүү Банкы менен 27.4 млн АКШ долларын насыяга алуу үчүн атайын келишимге кол коюшкан. Бул долбоордун негизги мазмуну байланыш тармагынын базалык структурасын модернизациялап, келечектеги телекоммуникациянын тейлөө кызматынын сапатын жакшыртып рынок экономикасында өнүктүрүү үчүн бизнестик пландын скелети түзүлгөн. Ишке ашырууда ишенимдүү болуу үчүн финансылык анализ жүргүзүлгөн. Натыйжада мамлекеттик акционердик компания түзүү шарты келип чыккан. 1997-жылдын май айында ЭБМИ «Кыргызтелеком» АК болуп уюштурулуп, купондук акцион өткөрүлүп, 4000ден ашуун физикалык жана юридикалык тараптар телекомдун аукционерлери болушкан. Бул ишмердүүлүктү коммерциялоодо жекече менчик инвестицияларды тартууга багытталган. Биринчи долбоордун практика жүзүндө ишке ашыруу 1996-жылы башталган. Келишимге ылайык Дүйнөлүк Банктан которулган кредиттик акчага төмөндөгүдөй конкреттүү иш чаралар жүргүзүлгөн: Цифралык магистралдык радиорелейлик тутумду модернизациялоону ишке ашыруу үчүн стандарттык спутниктик станциясы орнотулган. Бүткүл республика боюнча ички зоналык байланыш линияларынын схемасы түзүлүп, республиканын бардык облустарынын райондук борборлоруна чейин цифралык радиорелейлик каналдары туташтырылган. Ошол эле мезгилде радиорелейлик станциянын цифралык агымдарын бөлүп алуу мүмкүнчүлүгү да түзүлгөн. Бул долбоор 1998-жылы 16-17-сентябрында аяктап, ага карата Чолпон-Ата шаарында байланыш жаатындагы региондук биримдиктин администрациясынын башчыларынын Советинин 20-отуруму болуп, Грузиянын, Казакстандын, Россиянын, Өзбекстандын, Украинанын өкүлдөрү катышып, “Кыргызтелеком” АКнун президенти С.А. Алымкулов биринчи телеком долбоору ийгиликтүү аяктагандыгын билдирген.

1997-жылы 15-майда «Экономикалык башкарууну жакшыртуу жана менчиктештирүү чараларында монополист ишканаларды куруу жөнүндө» КР

Өкмөтүнүн №280 токтому чыккан. Бул мезгилге чейин «Кыргызтелеком» АКнун кирешеси «Кыргыз почтасы» МДге бөлүштүрүлүп, почта кызматтын камсыздап келген. Токтомго ылайык финансы кирешелеринин айкалышкан эсебине тыюу салынып, аталган тармактардын кирешелери бөлүнгөн. Ошондой эле Кыргызстандын региондорундагы байланыш тармактарын жаңы технологиялык жабдуулар менен камсыздоо планы өз-өзүнчө түзүлүп, чет элдик инвестициялардын каржылоосунун негизинде ишке ашырылган.

Ош шаарынын байланыш тармагын модернизациялоо долбоору Ош облусун экономикалык жана социалдык жактан өнүктүрүүгө багытталып, Ош шаарынын 3000 жылдыгын майрамдоо аземине карата башталган. Бул долбоор Кувейттин арабдык экономикалык өнүктүрүү фондунун эсебинен каржыланган. 1996-жылы 2,6 млн Кувейт динарына кол коюлган. Макулдашуу 1998-жылдын март айында күчүнө кирип, долбоордун иши башталган. Ош шаарында жана Ош облусунда жалпы сыйымдуулугу 23 миң номерден турган цифралык радиорелелик станциялар орнотулган. Ош шаарынын жана райондук борборлордун магистралдык жез кабелдери менен волокно-оптикалык линиялар туташтырылган.

1998-жылдын январында “1998-2008-жылдары байланыш тармагын өнүктүрүүнүн комплекстүү программасы” кабыл алынган. Программада телефондордун коммутациялык станциясынын сыйымдуулугунун бир жылдык өсүүсүн 10 миң номерге чейин жеткирүү жана өндүрүшкө киргизип, модернизациялоо, 2008-жылга чейин 100 тургунга 21,6 телефон аппараты туура келиши пландалган. Ал эми 1997-жылы бул көрсөткүч 7,7 болгон. Программанын алкагында Кыргызстанга 16.144 млн корей вону (14 млн АКШ долларына барабар) Кореянын “Экономикалык өнүктүрүү жана корперация фондунан” бөлүнүп берилген. Бул насыя акчага Чүй облусунун телекоммуникациялык тейлөө кызматынын сапатын бийик деңгээлге көтөрүү максатында төмөндөгүдөй иштер аткарылган: Бишкек–Кант–Ивановка–Чүй–Токмок–Кемин байланыш станцияларында иштеп жаткан аналогдук тутумду жаңылоо менен бирге цифралык станциялардын интерфейси уюштурулган. Анда жез кабелдер тартылып, волокно-оптикалык байланыш линиясынын Азия жана Европа өлкөлөрүн аралап өтүүчү (Транс-Азия-Европа) телефондук станцияларды туташтыруу үчүн маалымат берүүнүн цифралык системалары орнотулган. Натыйжада Чүй облусунда телекоммуникациялык тейлөө кызматынын жаңы түрү пайда болуп, ири масштабдагы долбоор ишке ашырылган. Мында байланыш секторун ырааттуу комплекстүү өнүктүрүү усулу колдонулуп, сапаттуу модернизациялоо ийгиликтүү аяктаган.

1999-жылы Транс-Азия-Европа (ТАЕ) волокно-оптикалык линиясын куруу боюнча 1 млн. 834,4 миң АКШ доллары бөлүнгөн. ТАЕ тутумунун курулушу эл аралык телеком байланыш системаларына кошулуп кетүүгө мүмкүнчүлүк берет. ТАЕ түздөн-түз Шанхай шаары менен Франкфурт шаарын туташтырып, Германия, Польша, Туркия, Иран, Өзбекстан, Казакстан, Кыргызстан, Кытай аркылуу өтөт, жалпы узундугу 27 миң км. Ал эми Кыргызстандагы тилкесинин узундугу 183 километрге болуп, Сары-

Булактан башталып, Меркеде бүтүп, Чүй облусунун территориясы аркылуу өткөн.

2003-жылдын 8-февралында КРдин мамлекеттик байланыш агентиги тарабынан атайын буйрук чыккан. Буйрукка ылайык 2003-жылы 17-мартта «жалпы пайдалануу желесин бириктирүүнүн эрежелери» киргизилген. Бул багытта жүргүзүлгөн иш-чаралардын негизинде КРдин телеграфтык желеси толугу менен реконструкцияланып, Кыргызстанда мобилдик байланыштын тейлөө кызматтары боюнча үч уюлдук оператор өз ишмердигин баштаган. Алар: «Кател» ЖЧАК, «Бител» ЖЧАК, «Ак -Тел» ЖЧАК болгон.

«Кыргызтелеком» ААК 2005-жылы биринчи болуп бухгалтердик эсепти автоматташтыруу (Navision) системасын ишке ашырган. Бул програма компаниялардын бизнестик жараяндарын тартипке салууда эсеп-кысапты автоматтык түрдө жетекчиликке ыкчам билдирип, маалыматка тездик менен ээ болуу программасы ишке ашырылган. Мындан сырткары спутниктик, цифралык, радиорелейлик телефон станциялары, волокно-оптикалык линиялары боюнча Comsat RSI (АКШ), NERA Telecommunication (Норвегия,) ECI, Ericsson (Шветция), Серагон компаниясы (Израил) ж.б. алдыңкы фирмалардын катышуусу менен эл аралык ачык тендер өткөрүлгөн. Бул дүйнөлүк байланыш системалары өз ара тыгыз байланышта болуп, бирдиктүү техникалык саясат менен жөнгө салынып турат. Мында “Кыргызтелеком” ААК Дүйнөлүк Банктан алган кредиттин 18 млн АКШ долларына жалпы сыйымдуулугу 50 миң номерлүү Бишкек, Ош, Жалал-Абад, Нарын, Чолпон-Ата, Кара-Кол, Талас шаарларындагы цифралык жана кабелдик байланыштарын куруууда Серагон компаниясы (Израил) менен келишим түзүлүп, цифралык радиорелейлик линиялардын 35 жабдуусун куруу пландаштырылган. Анда Жалал-Абад-Массы-Кочкор-Ата (Ноокен району) тилкесинде цифралык бириктирүүчү линиялар тартылган. Ыссык-Көл облусунун курорттук зонасын модернизациялоо башталып, Чолпон-Ата шаарында Huawei (Кытай) компаниясы чыгарган сыйымдуулугу 6.000 номерлүү цифралык автоматташкан телефон станциясы (ЦАТС) орнотулган. 2005-жылы курорттук зонанын цифралык автоматтык телефон станцияларынын жалпы сыйымдуулугу 1200 номерге көбөйтүлгөн. Бостери, Кара-Ой жана Баетов айылдарындагы автоматтык телефон станциялары кеңейтилип, Чоктал жана Тамчы айылдарында жаңы ЦАТС орнотулган. 2005-жылы 39 км. волокно-оптикалык линиясы Чолпон-Ата-Тамчыда тартылган. Мындан сырткары Балыкчы шаарындагы автоматташтырылган телефон станциясы (АТС) ишканасына цифралык маалыматтарды жеткирүү үчүн байланыштын радиорелейлик линиясы курулган. Бул тутумду курууда алдыңкы технологиялар колдонулган. Ал абоненттерге коммутациялык техниканын акыркы жетишкендиктерин сунуштап, келечекте тутумду кеңейтүүнүн жөнөкөй жолуна кепилдик берген. Абоненттерге телефониянын, телеграфтын, факстык байланыштын Intelsat эл аралык спутниги интернет тутумуна маалымат берүү, алуу, видеоконференция жана телекөрсөтүү кызматтарынан пайдалануу мүмкүнчүлүгүнө жол ачкан. Натыйжада 2006-

жылы Jet компаниясы жаңы соода маркасы интернет провайдерди түзүп, 2007-жылы зымсыз кирүү желесин куруу (CDMA-450 технологиясы) иштери башталган. 2008-жылы «Кыргызстан, Казакстан, Кытай, Тажикстан, Өзбекстан коңшу мамлекеттер байланышты кеңейтүү жөнүндө келишим түзүлүп, бекитилген. Бул «маалыматтык коом» түзүү жолунда манилүү ири кадам жасоого мүмкүнчүлүк берип, өлкөбүздүн облустук райондук, шаардык, борборлордо жана эл аралык кошулуу түйүндөрүн камтыган жалпы узундугу 500 миң км болгон Бишкек – Казакстан, Ош–Кытай, Ош–Өзбекстан, Баткен–Тажикстан волокно-оптикалык байланыш линиясынын схемасы түзүлүп, 2011-жылдын аягында куруу иштери аяктаган.

2008-жылы Шанхай кызматташтык уюмуна кирген мамлекеттердин саммитинде КРдин аймагында волокно-оптикалык линиясын жана жогорку ылдамтыктагы маалымат магистралын куруу жөнүндө чечим кабыл алынган. Мында Кытай – Эркештам – Сары-Таш - Ош – Өзбекстан волокно-оптикалык байланыш станциясын куруу каралып, China Telekommunication Corporation (Кытай) менен «Кыргызтелеком» ААК ортосунда өз ара түшүнүшүү жөнүндөгү меморандумга кол коюлган. Ага ылайык Ош – Эргештам – КЭР чек аралык волокно-оптикалык байланыш линиясын курууда кызматташуу жөнүндө макулдашылган. Бул 2009-жылдын I кварталында Ош-Эркештам тилкесинде волокно-оптикалык линиясын куруу башталган. КРдин аймагындагы трассанын узундугу 264 км. болуп, 2011-жылдын декабрында пайдаланууга берилген.

Байланыштын тармагынын өнүгүүсүндө үч этапты басып өткөн. Биринчи этапта 1993-жылдын май айында башталып, 1997-жылы аяктаган. Мында спутниктик байланыш станциясы, (Comsat RSI, АКШ чыгарган), параболалык антенна орнотулуп, Intelsat-63 жасалма спутник системасына багытталган. Ал сегиз өлкө менен түз байланышты камсыз кылууга мүмкүнчүлүк берген: Япония, Кытай, Индия, Иран, Израиль, Германия, Англия, Франция өлкөлөрү менен байланышты жакшырткан. Экинчи этапта 1998-2004-ж.ж. камтыган. Мында технологиянын жаңы жетишкендиктерин, жогоруда аталган заманбап линия станциялары курулуп, техникалык базасы чыңдалган. Үчүнчү этап 2005-2010-ж.ж. камтып, Кыргызстандын байланыш тармагыда алдыңкы технологияларды колдонуунун эсебинен өтө тез темп менен өнүгүп, 8 пайызды түзгөн.

“Кыргызтелеком” ААКда жети миң адам эмгектенет. Кызматкерлер башка өлкөнүн байланышчылары менен тынымсыз тажырыйба алмашып турушат. Мисалы: 1996-жылдын июлунда Comsat RSI (АКШ) фирмасы менен түзүлгөн контракка ылайык «Кыргызтелекомдун» 7 адиси, октябрда NERA (Норвегия) фирмасынын “радиореле жабдууларынын техникалык тейлөө маселелери” боюнча 6 адис, 23-сентябрдан 8-ноябрга чейин Ирландиянын “байланыштын техникалык маселелери” боюнча 18 адис, Грецияда “коммутатордук цехтин иштөөсү” боюнча 4 адис, Данияда “компьютердик тейлөө программаларынын техникасы” боюнча 4 адис, 1-декабрдан 10-декабрга чейин “ECI-Telecom (Израил) ишканасынын

“волокно-оптикалык линиясынын тейлөө негиздери” боюнча 8 адис окуп келишкен. Мындай тажырыйба алмашуу телеком байланышынын кадрларынын айрым маселелерин чечип, тейлөө кызматынын сапатын жакшыртууга өбөлгө түзөт.

## ЖЫЙЫНТЫКТАР

Кыргызстандын Советтик мезгилдеги байланыш тармагын өнүктүрүү үчүн Совет Өкмөтү финансылык, материалдык-техникалык каражаттарды бөлүп берип турган. Мамлекеттик камкордугунун натыйжасында толуу республиканын эң алыскы айылдарына чейин почта-телеграф байланыш мекемелери жана түйүндөрү ачылган. Кыргызстандын почта кызматы башка союздук республикалардай эле ырааттуулук менен өнүгүп, калкты байланыштын ар кандай түрлөрү менен камсыз кылып, сапаттуу тейлөө максатында тынымсыз эмгектенип келишкен.

Ал эми эгемендүү Кыргызстандын байланыш тармагы мурда болуп көрбөгөндөй тез темп менен өнүгүп, замандын алдыңкы технологиялык жетишкен каражаттары менен камсыз болгон. Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында социалисттик пландоо экономикасынан рынок экономикасына өтүүдө жана байланыш технологияларынын эскилиги жеткендигине байланыштуу жаңы технологиялык маалымат каражаттарына алмаштырууда обьективдүү кыйынчылыктарга дуушар болушкан. Байланыш тармактары КРдин өкмөтүнүн колдоосу менен, чет өлкөлүк инвесторлордун финансылык жардамы менен, эл аралык уюмдардын адистеринин кол кабышы менен проблемалуу маселелер ырааттуу чечилген. Натыйжада байланыш кызматтары реформаланып, заманбап технологиялык байланыш каражаттары менен камсыздалып, дүйнөлүк комчулуктун кадамдары менен тең арыштап өзүнүн иштөө системаларын кеңейтип, өнүгүүгө ээ болгон. Калка кызматтык ишмердүүлүктөрүн жүргүзүшүп келүүдө. Бүгүнкү күндө "Кыргызтелеком" ААК өлкөбүздөгү эң ири салык төлөөчүлөрүнүн бири болуп эсептелинет. Мисалы: 2005-жылы бюджетке 481.149 миң сом которулуп берилген. Жергиликтүү бюджетке 86.120 миң сом, социалдык фондко 160.573 миң сом которулган. 2005-жылы баланстык киреше 215.875 миң сомду түзгөн. Салыктар төлөнгөндөн кийинки таза киреше 167.521 миң сомду түзүп, шаарлар аралык жана эл аралык байланыштын 67% “Кыргызтелеком” ААКга тиешелүү.

1991-2010-жылдары “Кыргызтелеком” ААК биринчи, экинчи жана жергиликтүү катардагы тутумдардан турган өзүнүн көп тепкичтүү түзүмүнө ээ болгон. Биринчи катардагы тутум көбүнчө байланыштын кабелдик, радиорелелик, спутниктик линияларынан туруп, Кыргызстандын бардык региондорун камтыйт жана аларды эл аралык байланыштар менен туташтырып турат. Экинчи катардагы тутум шаарлар аралык станциялардан автоматтык телефондук станцияларга чейинки туташтырууну камсыз кылуучу аппаратураны бириктирип турат. Бул жерге бардык абоненттер, жеке адамдар да, ар түрдүү деңгээлдеги ишканалар да туташтырылган. “Кыргызтелеком” ААК КРдин байланыш министрлигинин генералдык

лицензиясына ээ болуу менен эл аралык, шаарлар аралык жана жергиликтүү байланышты тейлөө кызматын көрсөтөт. Азыркы учурда миграциянын эсебинен калктын саны азайып кеткендигине карабастан, коммерциялык уюмдар, жеке ишкерлер тарабынан тейлөөнүн кошумча түрлөрүнө болгон керектөөлөрдүн саны көбөйүүдө. Бүткүл дүйнөдө телекоммуникациялардын сектору эң тез өсүп жаткан тармактардын бири болуп эсептелет. Бирок аны модернизациялоо активдүү жүргүзүлүп жатканына карабай, анын эң начар жери болуп айылдык телефон тармагы калып, телефон байланыш кызматтын кеңейтүүгө болгон өтүнүчтөрдүн саны да өсүүдө. Тармактын бул бөлүгүн өнүктүрүү өтө татаал жараян жана олуттуу каражаттарды талап кылат.

1997-жылдын май айында "Кыргызтелеком" Электрдик байланыштын мамлекеттик ишканасы толугу менен корпоративдик негизде башкарылуучу акционердик коом болуп кайрадан түзүлгөн. Өз кезегинде бул кадам ошол тармактын андан ары өнүгүүсүнө шарт түзгөн. Байланыш тармагы боюнча түзүлгөн биринчи долбоордун жыйынтыгында өлкөбүздө стандарттуу алгачкы спутник станциясы орнотулган. Буга чейин Кыргызстандын аймагында мындай техника таптакыр болгон эмес. Бүгүнкү күндө "Кыргызтелеком" ААК эл аралык, шаарлар аралык жана жергиликтүү байланыш кызматтын жүргүзүп, эксклюзивдүү укукка ээ болгон улуттук оператору болуп эсептелет. Биздин өлкөнүн XXI кылымдагы эң ири салык төлөөчүлөрүнүн бири жана байланыш тармагында ири монополист катары таанылган тармак десек жаңылышпайбыз.

## МААНИЛҮҮ СУНУШТАР

1. Технологиялык модернизациялоодо мүмкүн болушунча, маалымат технологиясынын жаңы жетишкендиктерин тартуу зарыл.
2. Өлкөбүздүн шаар тургундары сыяктуу айыл кыштактардагы салыктын түрлөрү; жер, жайыт, түтүн, электр жарыгынын акчасы ж.б. баардыгын почтага төлөө жөнүндө Кыргыз Республикасынын өкмөтү буйрук чыгарса жакшы болмок. Себеби: штаттардын кыскаруусу менен мамлекеттин казынасына киреше түшүп, "Кыргыз почтасы" МИнин кызматкерлеринин айлык аксы жогорулап, ишмердүүлүгү артып, кризистик абалдан кутулуп жалпы экономика өсмөк.
3. Кыргызстандын калкын тегиз байланыш кызматты менен камсыздоо үчүн станцияларды бири-бирине чагылгыдай кылып, эң бийик чокуларга орнотуп, тоолуу аймактарда жашаган элдердин байланышын көзөмөлдөп, ар бир айылды үй телефондору менен камсыздоо үчүн программаларды иштеп чыгып, жүзөөгө ашыруу керек. Бул Кыргызтелеком" ААКга киреше алып келет. Ошону менен бирге алыскы бийик тоолуу райондордун телебайланыш тармагы жакшырат, өнүп өсүүсүнө шарт түзүлөт.
4. Транспорт жана Коммуникация министрлиги, аталган тармактын жетекчилери чет элдик инвестициялар менен кызматташууда кадрларды колдоо иретинде көбүрөөк тажырыйба алмашуу керек.

Бүгүнкү күндөгүдөй техникалык кызматкерлер жаңы технологиялык аппаратураларды орнотууда кыйынчылыктарга дуушар болбой иш жөндөмдүүлүгүнүн сапты жакшырмак.

5. Байланыш адистигине ээ болуп жаткан бүтүрүүчү курстар өздөрүнүн өнүктүрүү программаларын иштеп чыгып диплом жазуу негизги милдеттеринин бири. Алар келечекте байланыш тармагына салымын кошуп, өнүгүүгө өбөлгө болот.
6. “Кыргызпочтасы” МИ, “Кыргызтелеком” ААК сыяктуу биздин өлкөнүн байланыш ишканаларынын жана башка ишкана-мекемелердин жетекчилиги Кыргызстанда жаңыдан бутуна туруп келе жаткан туризимди эске ала жүрүшсө жакшы болмок. Байланыш каражаттарынын ишмердигин уюштурууда туристтик сервисти өнүктүрүүгө көмөкчү боло тургандай шарттарда аракеттенишсе жалпысынан Кыргыз Республикасынын казынасына да кошумча кирешелер түшөөр эле.

**Иштин негизги мазмуну төмөнкү макаларда чагылдырылган:**

1. **Тажибаева,** С.К. Состояние и развитие традиционной почты Кыргызстана в конце XX века [Текст] / С. К. Тажибаева, Б. К. Абытов // Известия Вузов – Республиканский научно-теоретический журнал. – Бишкек, 2009. – №10. –С. 102-104.
2. **Тажибаева, С.К.** Законодательные основы почтовых служб независимого Кыргызстана [Текст] / С. К. Тажибаева, Б. К. Абытов // Известия Вузов – Республиканский научно - теоретический журнал. – Бишкек, 2009. – №10. –С. 104-106.
3. **Тажибаева, С.К.** Кыргыз почтасынын жетекчилерине жана почта бөлүмдөрүнө кыскача тарыхый анализ [Текст] / С. К. Тажибаева // Социальные и гуманитарные науки – Республиканский научно-теоретический журнал, –Бишкек, 2010. –№3-4. –С. 20-22.
4. **Тажибаева, С.К.** Обновление в отрасли связи суверенного Кыргызстана [Текст] / С. К. Тажибаева, //Социальные и гуманитарные науки – Республиканский научно-теоретический журнал. –Бишкек, 2010. –№3-4. – С. 32-34.
5. **Тажибаева, С.К.** История развития и становления национальном оператора ОАО «Кыргызтелеком» [Текст] / С. К. Тажибаева // Весник ПГУ» – Павлодар, 2011. –№ 1-2. –С. 104-112.
6. **Тажибаева, С.К.** Кыргызстандын почта байланыш тармагынын эл аралык мамлелери [Текст] / С.К. Тажибаева // Наука новые технологии – Республиканский научно-теоретический журнал. –Бишкек, 2012. –№3. –С. 174-177.
7. **Тажибаева, С.К.** “Кыргызтелеком” стратегическая коммуникационная сеть суверенного Кыргызстана [Текст] / С. К. Тажибаева // Известия Вузов – Республиканский научно-теоретический журнал. –Бишкек. 2012. –№3. – С. 171-174.

**Тажибаева Сапаргүл Кочкорбаевнанын “Кыргыз Республикасынын байланыш тармагынын өнүгүү тарыхы жана абалы (“Кыргыз почтасы” МИ жана “Кыргызтелеком” ААК 1991-2010 ж.ж.) деген темада 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын**

## РЕЗЮМЕСИ

**Негизги сөздөр:** Кыргызстан, “Кыргыз почтасы” МИ, “Кыргызтелеком” ААК, Бүткүл дүйнөлүк почта союзу, волоконно-оптикалык линия, байланыш тармактары, телекоммуникация.

**Изилдөөнүн объектиси** болуп Кыргызстандын калкын байланыш кызматы менен камсыз кылган «Кыргыз почтасы» МИ жана «Кыргызтелеком» ААК саналат

**Диссертациянын негизги максаты** – эгемендүү Кыргызстандын почта-телеком байланыш кызматтарынын түрлөрүнүн өнүгүү тажырыйбаларын, тармакты реформалоонун себептерин, натыйжаларын, материалдык техникалык абалын, маалымат технологиясынын жетишкендиктеринин колдонулушун, кыйынчылыктарын аныктоо аркылуу калктын социалдык-экономикалык абалын жана байланышын чагылдыруу, тармактагы өзгөрүүлөдү, өнүгүү перспективасын талдоого алуу.

**Изилдөөнүн методологиясы** обьективдүүлүк, ырааттуулук, анализдөө, сындап-талдоо, булак тануучулук, баа берүүчүлүк, аймак таануучулук, тарыхый таанып билүүчүлүк, хронологиялык, логикалык, функционалдык, статистикалык, системалуулук методдору колдонулду.

**Изилдөөнүн предмети** болуп Кыргызстандын байланыш тармактары почта жана телекомдун калыптануу жана өнүгүү мезгили мамлекеттин социалдык экономикалык жана саясий талаптарына ылайык илим менен техниканын өнүгүүсүнө жараша артыкча көңүл бурууну жана каражатты талап кылуучу тармак болуп эсептелинет.

**Диссертациянын илимий жаңылыгы жана жыйынтыктары.** 1991-2010-ж.ж. республикабыздын почта жана телеком байланыш кызматтарынын мамлекетте ээлеген ордуна, экономикасына, каржылык маселелерине, өнүгүүнө, иш жүргүзүү процесстерине, эл аралык долбоорлорунун жыйынтыктарына, техникалык базасына атайын комплекстүү иликтөө жүргүзүлүп, автордук сунуштар киргизилди.

Изилдөөнүн жыйынтыктары жана натыйжалары илимий-педагогикалык процесстерде, ошондой эле Кыргызстандын тарыхынын айрым маселелери боюнча курстарда колдонулат. Диссертациялык иштеги айрым факты, материалдар республикабыздын жаңы энциклопедиялык жана справочник маанисиндеги эмгектерине кирет. Бул илимий иш окуу жайлар, маданий-агартуучу мекемелер жана Ата Мекенибиздин тарыхына кызыккан окурмандардын кеңири чөйрөсү үчүн белгилүү деңгээлде кызыгууну жаратат. Байланыш тармагынын толук тарыхын түзүүгө өбөлгө түзүлөт.

**РЕЗЮМЕ**

**диссертации Тажибаевой Сапаргул Кочкорбаевны на тему: «История развития и состояние отрасли связи Кыргызской Республики» (ГП «Кыргыз почтасы» и ОАО «Кыргызтелеком» в 1991-2010 гг.) на соискание ученой степени кандидата исторических наук по специальности 07.00.02 –отечественная история**

**Ключевые слова:** Кыргызстан, ГП «Кыргыз почтасы», ОАО «Кыргызтелеком», волоконно-оптической линии, Всемирный почтовый союз, отрасли связи, телекоммуникационные службы.

**Объектом исследования** является ГП «Кыргыз почтасы» и ОАО «Кыргыз телеком», обеспечивающие население услугами связи.

**Основная цель диссертации:** посредством определения опыта развития видов услуг связи почты и телекома независимого Кыргызстана, причин и результатов реформирования материально-технического состояния, применения достижений современных информационных технологий, проблем и трудностей отрасли, отразить социально-экономического состояния народа и проанализировать процесс развития и перспективы отраслей связи.

**Методология исследования.** В процессе исследовательской работы были использованы методы объективности, последовательности, анализа, статистического анализа, источниковедения, регионоведения, исторического познания, хронологической, логический, функциональный и систематический.

**Предметом исследования** явились формирование и развитие отраслей связи Кыргызстана – почтовой и телекоммуникационной служб, требующие особого внимания в соответствии с развитием науки и техники, отвечающие социально-экономическим требованиям государства.

**Новизна и результаты диссертационного исследования.** Проведено комплексное исследование места и роли почтовой и коммуникационной отраслей связи в экономической, финансовой системе республики; проанализированы этапы развития, материально-техническая база отраслей связи, результаты реализаций международных проектов в области связи в период с 1991 по 2010 годы и даны авторские практические предложения.

Результаты и итоги исследования имеют практическое значение и их можно использовать в научно-педагогическом процессе, а также в некоторых курсах по истории Отечества. Некоторые факты и материалы диссертации, возможно, войдут в республиканские справочные и энциклопедические издания. Надеемся, что данная работа вызовет интерес учебных заведений, культурно-просветительских учреждений, широкого круга читателей, интересующихся историей Кыргызстана и внесет свою лепту в составление полной истории отрасли связи страны.

## RESUME

**on dissertation of Tajibaeva Sapargul Kochkorbaevna on theme "History of Development and condition of connection branch of Kyrgyz Republic" (State Enterprise "Kyrgyz Mail" and OJSC "Kyrgyztelecom" in 1991-2010) on specialty 07.00.02 – Native History for receiving the scholastic degree of Historical Sciences Candidate**.

**Key words**: Kyrgyzstan, State Enterprise "Kyrgyz Mail", OJSC "Kyrgyztelecom", fiber-optic line, Worldwide postal alliance, connection branch, telecommunications service.

Кыргызстан, ГП «Кыргыз почтасы», ОАО «Кыргызтелеком», волоконно-оптической линии, Всемирный почтовый союз, отрасли связи, телекоммуникационные службы.

**Objects of the research** are State Enterprise "Kyrgyz Mail", OJSC "Kyrgyztelecom" which secure population with connection services.

**Main object of the dissertation**: by means of experience definition of service types development of mail and telecommunication of independent Kyrgyzstan, reforming reasons and results of material- technical condition, application of achievements of modern informational technologies, problems and difficulties of the branch, repercussions of social- economical state of the people and analyzing development process and perspective of connection branch.

**Methodology of the research**: methods of objectivity, succession, analysis, statistical analysis, source studies, region studies, historical knowledge, chronological, functional and systematic methods.

**Subjects of the research** are formation and development of connection branch of the Kyrgyzstan – mail and telecommunication services demanding special attention in accordance with development of science and technique satisfying social- economical demands of the state.

**Originality and results of dissertation research**: complex research is carried out concerning place and role of mail and communication connection branch in economical, financial system of the Republic; stages of development have been analyzed: material- technical backbone of connection branch, results of international projects realization in the connection sphere from 1991 to 2010, also author's practical proposals area given in the research.

Results and summation of the research have practical meaning and they can be used in scientific- pedagogical process, as well as in some courses on Native History. Some facts and dissertation materials will be possibly included to republican, information and encyclopedic publications. We hope that this work will arouse interest of educational institutions, cultural- educating establishments, and extensive sweep of readers who are interested in the Kyrgyzstan's, history and the work will put in spoke to compilation of full history of connection branch of the country.